# О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин тарбия иштеринин анализи

Тарбиялоо-бул окуучулардын жүрүм-турумуна көз салуу,руханий дүйнөсүн байытуу,патриоттук сезимдерин калыптандыруу.Тарбиялоо-бул коомдун мүдөлөрүнө жана муктаждыктарына жараша адеп-ахлак сапаттарын калыптандыруу боюнча максатка багытталган план ченемдүү иш.

О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде жашы жете элек өспүрүмдөрдүн,укук бузууларды жана кылмыштуулукту алдын алуу боюнча аткарылган иштери.

Мектепте кылмыштуулукту алдын алуу боюнча жылдык иш план түзүлгөн.Профилактикалык бурч уюштурулган.Мектепте укук бузууларды жана кылмыштуулукту алдын алуу боюнча Ак-Суу райондук ички иштер бөлүмүнүн жаш өспүрүмдөр менен иштөө инспектору Асаналиева Аида укук бузууларды жана кылмыштуулукту алдын алуу боюнча лекция,аңгемелешүү сабактарын өтүп турат.Мындан тышкары мектепте соц.педагог менен окуучулардын ички тартиби жана кылмыштуулукту алдын алуу боюнча иштер жүргүзүлүп келет.Ар бир айдын 25-чейин профилактикалык отчет берилип турат.Мектепте балдардын укук бузууларын алдын алуу боюнча ишеним кутучасы уюштурулган,ал боюнча окуучуларга маалымат берилип түшүнүк берилген.Ишеним кутучасы менен иштер жүгүзүлүп,түшкөн каттарга токтомдор жазылып турат.Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту алдын алуу боюнча ийримдер жана секциялар иштейт.Мектепте мындан сырткары «Милициянын жаш жардамчылары»дагы иштешет,анда 10 окуучу иштешет.Алар мектепте ички көзөмөлдү карашат жана ар кандай кечелерди,аңгемелешүү сабактарын өтүп турушат.Мектепте одоно тартип бузган жана ИДН учетундагы окуучулар жок.

О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде кыздар жана балдар менен иштөө кеңеши бар.Кыздар менен иштөө боюнча Осмонова Т.Т. жана балдар менен иштөөнү Жеңишбеков Ж.Ж.жетектешет.Жылдык планы түзүлүп,бекитилген балдар,кыздарга пайдалуу маалыматтарды берүүнүн үстүндө иш алып барышат.Өтүлгөн ар бир чогулуштарына токтом жазылып турат.

О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде жугуштуу эмес ооруларды алдын алуу боюнча план түзүлуп иш алып барылат.Мектепте тарбиялык сааттар өтүлөт.Райондук ден соолук бөлүмүнүн кызматкерлери  ФАП жетекчилери менен биргеликте ата-энелердин ден-соолугуна кам көрүү максатында мектепте «Жооптуу бол» акциясы өткөрүлүп келет.Окуу жылынын башталышында окуучулардын ден-соолугун текшерүү максатында окуучуларыбыз медициналык кароодон өтүп турушат. Жугуштуу эмес ооруларды алдын алуу боюнча бардык класстарда тарбиялык сааттар өтүлүп турат жана окуучуларга маалымат берилет.

О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде «Жол кыймылынын коопсуздугу»боюнча.

Мектепте «Жол кыймылынын жаш инспекторлору шайланган.ЖКЖИ тобу 10 мүчөдөн турат.План түзүлүп,пландын негизинде иш алып барылат.Жол коопсуздугун сактоо максатында аңгемелешүү,түшүндүрүү иштери аткарылат.Мындан тышкары 1-11-классынын класс жетекчилери окуу жылына айына 2 жолу,жылына 20 саат жолдо жүрүү эрежелерин өтүп келишет.Ачык сабактар да койулуп жолдо жүрүү боюнча балдарга маалымат беришет.

О.Элебесов мектебинде «Тимурчулар тобу»дагы иш алып барып келишет.Тимурчулар тобу сабактан тышкаркы убакта улгайган адамдарга жардам көрсөтүп келишет.Мындан тышкары «Карылар күнүндө»дагы чакан концерттик программа даярдап аткарып беришет,отунун жарып,суусун ташып,үйүн жыйнап,үй-оокаттарына жардам көрсөтүп келишет.

О.Элебесов мектебинде ата-энелер менен иштөө

Мектепте окуу жылынын башталышы менен ата-энелер коммитети шайланып турат.2022-2023-окуу жылына дагы жалпы ата-энелер чогулушу болуп,чогулуштун чечими менен Молдобаева Орозган Садыровна жана Бекжанова Гүлжан Амантуровна коммитет болушту.Ата-энелер коммитети мектеп менен тыгыз байланышта болуп турушат.Мектепте ар кандай ата-энелер менен биргеликте өтүлчү иш-чаралар болуп турат.Ар бир класс жетекчилер дагы классына ата-эне коммитетин шайлап алышат.Кылмыштуулукту,зордук-зомбулукту алдын алуу боюнча дагы соц.педагог менен биргеликте тегерек стол,чогулуштар өтүлүп турат.

**Мектеп окуучуларынын конкурстарга катышуу жетишкендиктеринин көрсөткүчтөрү**

| Окуу жылы | Мектеп | Аймак | Район | Область | Республика |
|---|---|---|---|---|---|
| 2017-2018-окуу жылы | Мектеп ичинде КВН,конкурстар,кечелер, докладтар боюнча мыктыларга грамота | | «Манас таануу» 3-орун<br>Зарница боюнча 3-орун | | Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата дил баян грамота<br>Ч.Айтматовдун чыгармаларынан сүрөт конкурсу грамота |
| 2018-2019-окуу жылы | «Сергек жашоонун сырлары»сергек жашоо образы боюнча райондук семинар.<br>Мектепте өтүлгөн иш-чаралар,кечелер,дил баяндар,рефераттардын мыктыларына грамота | «Кылым каратыр бир күн»романынан үзүндү 1-орун | «Манас таануу»2-орун<br>«Кылым каратыр бир күн»романынан үзүндү 1-орун<br>«Мен Кыргызстандыкмын»ыр конкурсу 2-орун<br>Кол күрөш боюнча мелдеш 2-орун<br>Жеңил атлетика боюнча 2 окуучу 2-орун | «Кылым каратыр бир күн»романынан үзүндү 3-орун | |
| 2019-2020-окуу жылы | Конкурстар,КВНдер,тарб. сааттар өтүлдү,кылмыштуулукту алдын алуу боюнча лекция сабактары | «Мыкты парламент» 2-орун<br>«Ата Мекен ар-намыс» сынагында 1-орун | «Манас таануу»3-орун камсыз кылышты | | «Аталардын эрдигин даңктайбыз» көркөм окуу номинациясы 1-орун<br>жана активдүү катышкандыгы үчүн 7 грамота |
| 2020-2021-окуу жылы | Мектеп ичинде ар кандай иш-чаралар,жолдо жүрүү эрежелери,коопсуздук боюнча сабактар | | Түркүн баштык конкурсунда 2 окуучубуз 1-орун алды | «Өзгөчө кырдаалдар боюнча»дил баян конкурсу 1-орун<br>«Мен жана менин укугум»3-орун | «Бар бол-Жер эне край таануу конкурсунда активдүү катышкандыгы үчүн грамота |
| 2021-2022-окуу жылы | Өзүн-өзү башкаруу айлыгы,даталуу күндөр,сергек жошоо образы боюнча тарб.сааттар,жолдо жүрүү эрежелери,предметтер боюнча акыл ордолор,жугуштуу эмес ооруларды алдын алуу боюнча сабактар өтүлдү | Сергек жашоо образы КВН 2-орун | Кол күрөш 1-орун<br>Кол күрөш 2-орун<br>Креативдүү балаты сынагы 1-орун<br>Канаттууларга камкордук грамота 1-2-орун<br>«21-кылымдын интеллектуалдары» 1-орун<br>Валлейбол боюнча 3-орун<br>«Манас таануу» 3-орун | «21-кылымдын интеллектуалдары» грамота | «Бар бол-Жер эне грамота 3-орун.<br>Менин эгемендүү Кыргызстаным 3-орун<br>Кол күрөш 2-орун<br>«Зыяндуу адаттардын кесепеттери»сертификат жана белектер<br>Ч.Айтматов-учурдун улуу жазуучусу видео сынагында грамота |